# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ
# "Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" ИЛИМИЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун Окумуштуулар**
**кеңешинде каралып,**
**бекитүүгө сунушталган**
**Протокол №1**
**"01" 09 2025-ж.**

**БЕКИТЕМ**
**Б.Осмонов атындагы**
**ЖАМУнун ректору, т.и.д.,**
**профессор**
**К.Ж.Усенов ____________**
**"01" 09 2025-ж.**

# ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

**ЖАЛАЛ-АБАД-2025**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин институту жөнүндөгү жобосу Кыргыз Республикасынын 11.08.2023 жылдагы “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №246 токтомунун, КРнын Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 5-февралындагы №45 токтомунун, “Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплексинин Уставынын, КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майы, № 258 Кесиптик жогорку жана орто билим беруу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө токтомунун жана КРнын Министрлер Кабинетинин 2024 -жылдын 24-сентябрындагы № 590 Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынынишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө, токтомдорунун негизинде,ЖАМУда иштелип чыккан тиешелүү локалдык нормативдик документтерге таянып жасалды

1.2. Институт ЖАМУнун окуу-илимий, административдик бөлүмү болуп эсептелет жана бир профилдеги же бир нече тектеш багыттар жана адистиктер боюнча жогорку, жогорку билимден кийинки, орто кесиптик, кошумча билим берүү программаларын ишке ашырат, тийиштүү илимий жааттагы илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт.

***1.3. Факультеттердин жана колледждердин базасында институт болуп түзүлүүнүн себеби жана максаты:***

- Билим берүү системасын модернизациялоо;
- Факультеттер менен колледждердин илимий жана практикалык потенциалын бириктирүү;
- Институттун ичинде колледждин бүтүрүүчүлөрүнө жогорку билим берүү
- Ар бир багыт боюнча адистерди даярдоону оптималдаштыруу;
- Эл аралык билим берүү стандарттарына шайкеш иш жүргүзүү.

1.4. Институт профили боюнча окуу жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзгөн кафедраларды, колледжди, окуу лабораторияларын, илимий-изилдөө лабораторияларды өзүнө бириктирип турат.

1.5. Институт кафедраларда, лабораторияларда, башка бөлүмдөрдө окуу, окуу-усулдук, илимий -изилдөө, илимий-усулдук ишке жетекчилик кылат.

1.6.Тигил же бул институтту ачуунун максатына ылайыктыгы, ЖАМУ тарабынан өз алдынча, бар болгон каржы каражатынын көлөмүнө жараша аныкталат.

## 2.ЖАМУнун институтунун милдеттери

Институттар университеттин курамдык бөлүгү катары билим берүү, илимий изилдөө жана тарбия берүү иштерин уюштуруу жана өнүктүрүү милдетин аткарат. Алардын негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп эсептелет:

1. Студенттерге сапаттуу жогорку жана жогорку билимден кийинки, орто кесиптик билим берүүнү камсыз кылуу;
2. Адистерди даярдоодо мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана эл аралык талаптарга ылайык иш жүргүзүү;
3. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана студенттерди илимге тартуу;
4. Практикалык билим берүү жана өндүрүш менен байланыш түзүү;
5. Профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
6. Студенттердин руханий, моралдык жана жарандык сапаттарын калыптандыруу ;
7. Билим берүү процессин заманбап технологиялар менен камсыз кылуу;
8. Эл аралык кызматташуу программаларын өнүктүрүү;
9. Институттун ички документтерин, окуу планын жана программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу.
10. Билим алуучулар менен илимий-педагогикалык кызматкерлердин биргелешкен чыгармачылык ишмердүүлүгүн билим алуу процессинде алынган натыйжаларды

колдонуу аркылуу фундаменталдык жана колдонмо илимдерди, искусствону өнүктүрүү

11. Студенттердеги чыгармачылык активдүүлүктү жана өз алдынчалыкты, жоопкерчиликти күчөтүү, эмгекти сүйүүгө, атуулдук позициясын калыптандырууга көмөктөшүү;
12. Эл арасында билимди жайылтуу жана мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын арттыруу

## 3. Институттун түзүмү жана башкаруу

3.1.Институт ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин институтту ачуу жөнүндө чечиминин негизинде университеттин ректорунун буйругу менен төмөнкүлөр бар болгон учурда ачылат:

- материалдык-техникалык жана өндүрүштүк практикалык база;
- окуу процессин тийиштүү окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоо;
- окуу, окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү профессордук-окутуучулук курамдын жана илимий-педагогикалык кадрлар;
- жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн багыгтары жана адистиктери боюнча кесиптик билим берүү программаларында окутуу каралган дисциплиналарды илимий-теориялык, усулдук, уюштурууучулук деңгээлде окутууну камсыз кылган кадрлар;
- студенттердин контингенти кеминде 300 адамдан кем болбоого тийиш.

3.2.Бир багыттагы же адистиктеги студенттерди окутуу жана кадрларды даярдоо жана кесиптик кайра даярдоо үчүн ЖАМУда бирин бири кайталаган түзүмдүк бөлүмдөрдү (институттар, борборлор, кафедралар ж.б.) ачууга тыюу салынат.

3.3.Институт өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына жана башка нормативдик укуктук актыларга, ЖАМУнун Уставына жана университеттин институту жөнүндөгү жобосуна ылайык жүргүзөт. Институттун курамына кирген колледж өз ишмердүүлүгүн тиешелүү жоболорго ылайык жүргүзөт.

3.4.Институттун түзүмү жана штаттык жадыбалы колдонуудагы мыйзамдарга ылайык университет тарабынан бекитилет.

## 4.Институтка жетекчилик кылуу

4.1.Институттун ишмердүүлүгүнө тийиштүү профили боюнча илимий даражасы же окумуштуулук наамы бар ЖАМУнун ректорунун буйругу менен келишимдик негизде 5-жылдык мөөнөткө чейин дайындалган директор жетекчилик кылат, директордун орун басарлары болот.

4.2.Институттун директору окуу процессинин, окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык иштердин уюштурулушу жана көзөмөлдөө боюнча жарым жылдык жана окуу жылынын жыйынтыгы боюнча институттун Окумуштуулар кенешинде отчет берет.

4.3.Институтту түзүүдө жана жоюуда (бөлүү, биригүү жана кайра адистешүү) институттин директору белгиленген тартипте окуу жайдын жетекчисинин буйругу менен институттин директорунун милдетин аткаруучу болуп дайындалат.

4.4.Институттун директору ЖАМУнун уставында жана университеттин институту жөнүндөгү жободо аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде институттун атынан төмөнкү иш-чараларды аткарат:

- бардык мекеме, уюмдарга институттун атынан чыгат;
- институттун жана ЖАМУнун ишмердүүлүгу жөнүндөгу маселелер каралганда жана чечилгенде университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иштерине катышат;
- институттун ишин пландайт жана аны институттин кызматкерлеринин ортосунда бекитилген функционалдык милдеттерге ылайык бөлүштүрөт;
- институттун кафедраларынын, лабораторияларынын, башка бөлүмдөрүнүн окуу,

окуу-усулдук, илимий-изилдөөчүлүк, илимий-усулдук иштерине жетекчилик кылат;

- жогорку, жогорку билимден кийинки жана орто кесиптик жана кошумча кесиптик билим беруунү ишке ашырууда мамлекеттик билим беруу стандарттарынын талаптарынын сакталышына толук жоопкерчилик тартат;

- студенттер арасында тарбия иштеринин уюштурулушуна, өндүрүштүк практикаларды өткөрүүгө, окуу процессине контролдук кылат;

- окуу процессинин графигин же академиялык календарды жана сабактардын жадыбалын туура түзүүнү текшерет, жадыбал боюнча сабактардын өтүлушүнө, студенттердин сабактарга катышуусуна көзөмөл кылат;

- студенттердин оз алдынча иштерине, учурдагы семестр ичиндеги (модулдук-рейтингдик) жана ар бир жыйынтыктоочу (ар бир семестр боюнча) студенттердин билим децгээлин текшерууну уюштурат жана алардын жыйынтыгын анализдейт, ЖАМУнун жетекчилигине институтта окуу, окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жакшыртуу боюнча сунуштары менен отчет даярдайт;

- студенттерди курстан курска которуп, бутуруучу студенттерди жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизет жана белгиленген тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жүргүзүүнү уюштурат;

- ЖАМУнун жетекчилигине студенттерди окуудан чыгаруунун себебин көрсөтүү менен, окуудан академиялык өргүүгө чыгуучу студенттер жөнүндө, университеттен окуудан мурда чыгып калган студенттердин окуусун калыбына келтирүү туурасында жана мурда башка окуу жайында окуган, студенттерди которуу жөнүндө ЖАМУнун жетекчилигине сунуш берет, маалыматтардын тактыгына жооптуу болот. Окуу жайдан чыгарылган же башка окуу жайга (адистиктерге) которулуп жаткан студенттерге академиялык тактама берүүдө маалыматтардын аныктыгына жооп берет;

- ЖАМУнун ректоруна институттун студенттерине стипендия чектөө жөнүндө сунуш берет;

- окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды иштеп чыгуу, студенттердин чыгармачылык иштерин уюштурууну, кафедраларда илимий-изилдөөчүлүк жана окуу лабораторияларында, илимий ийримдерде жана институттин башка бөлүмдөрүндө иштерин координациялайт;

- илимий-педагогикалык кадрларды (аспиранттарды, докторантгарды жана изденуучулерду) даярдоону жана профессордук окутуучулар курамын квалификациялык жогорулатуу ишин координациялайт;

- институттун кызматкерлерин ишке кабыл алуу, иштен бошотуу жана кызматка которуу, аларды моралдык жана материалдык жактан сыйлоо, ошондой эле тартиптик жаза колдонуу жөнүндө ЖАМУнун жетекчилигине сунуш берет;

- кафедралар менен институттин тузумун жана штаттык жадыбалын тузуу боюнча университеттин жетекчилигине сунуштарды берет;

- ЖАМУнун башка түзүмдүк бөлүмдөру менен бирге окуу-тарбиялык, усулдук жана илимий изилдөөчүлүк иштер боюнча маселелерди чечет;

- институттун же ЖАМУнун жетекчилигинин тапшыруусу боюнча башка изденүүчүлөрдүн окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн диссертацияларын кафедраларда кароону уюштурат;

- институттун кызматкерлери даярдаган жана ЖАМУнун жетекчисинин тапшырмасы боюнча башка ЖОЖдордо даярдалган окуу китептеринин, окуу куралдарынын, дисциплиналардын окуу программаларынын долбоорлорун кафедраларда кароону уюштурат;

- ЖАМУнун бүтүрүүчүлөрү, аспиранттар, докторанттар менен байланышта болот;

- тиешелүү деңгээлде ЖАМУ да студенттерди кабыл алууну уюштурууга катышат;

- алдыңкы тажрыйбаларды, окутуунун жацы инновациялык технологияларын, биргелешкен илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, жалпылоо, жайылтуу,

конструктордук жана башка ойлоп табууларды уюштуруу, жогорку билимдүү адистердин квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле конференцияларды, семинарларды жана башка иш чараларды өткөрүү максатында ЖАМУнун түзүмдүк бөлүмдөрү, мекемелер, ишканалар, уюмдар, фирмалар менен чыгармачылык байланыштарды түзөт;

- окуу, окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштери боюнча чет өлкөлөрдүн ЖОЖдорунун түзүмдүк бөлүмдөрү менен ошондой эле институттин илимий багыты боюнча чет мамлекеттик илимий изилдөө уюмдары менен байланыштарды түзөт;
- ар бир окуу жылы үчүн институттун ишмердуулугу жөнүндө отчет даярдайт жана аны институттун окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет, жыйынтыктары боюнча университеттин жетекчилигине сушутарды берет.

4.5.ЖАМУда бар болгон каржылык каражаттардын чегинде институтта директордун орун басары жетектеген окуунун формасы боюнча бөлүм (колледж) түзүлүшү мүмкүн.

4.6. Директордун орун басарлары (жогорку кесиптик жана орто кесиптик (колледж) программалары боюнча) илимий наамы же илимий даражасы бар (кээ бир учурларды илимий даражасы, наамы жок кызматкерлердин арасынан тандалышы мүмкүн) кызматкерлердин ичинен иституттун директорунун сунушу боюнча ректордун буйругу менен дайындалат. Орто кесиптик (колледж) билим берүү программалары боюнча орун басары орто кесиптик (колледж) программалары боюнча) илимий наамы же илимий даражасы жок кызматкерлердин ичине дайындалышы мүмкүн.

4.7.Окуу, илимий изилдөө, окуу-усулдук ишти, толуктоо жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча институттагы жалпы жетекчиликти - институттун Окумуштуулар кеңеши ишке ашырат. Институттун директору окумуштуулар кенешинин төрагасы болуп эсептелет.

4.8.Институттун окумуштуулар кенеши ЖАМУнун жетекчиси тарабынан бекитилген “Институттун Окумуштуулар кеңеши жөнүндөгү” жобонун негизинде иштейт.

## 5. Институттун укуктары:

ЖАМУнун ар бир институту өз ишмердигин натыйжалуу жүргүзүү үчүн төмөнкү укуктарга ээ:

1. Билим берүү программаларын, окуу планын жана методикалык материалдарды өз алдынча иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн сунуштоо;
2. Илимий-изилдөө долбоорлорун жүргүзүү жана гранттарга катышуу;
3. Профессордук-окутуучулук курамды тандап алуу, сунуштоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча сунуш берүү;
4. Студенттерди кабыл алуу, которуу жана окуудан четтетүү боюнча сунуш киргизүү;
5. Мамлекеттик жана жеке уюмдар, ишканалар менен келишим түзүү аркылуу тажрыйба өтүү базаларын уюштуруу;
6. Эл аралык долбоорлорго, конференцияларга, семинарларга катышуу;
7. Институттун ички ишин жакшыртуу максатында ресурстарды жана каржыны натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуш киргизүү;
8. Университеттин жалпы жыйынына жана академиялык кеңешине өкүлдөрдү шайлоо укугуна ээ болуу.

## 6. Институттун жоопкерчилиги:

Институт өзүнүн ишмердигинде төмөнкү багыттар боюнча жоопкерчилик тартат:

1. Билим берүү процессинин сапаты жана мазмуну үчүн;
2. Мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана ички жоболорду сактоо үчүн;
3. Студенттердин билим деңгээли, тарбиясы жана коопсуздугу үчүн;
4. Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы жана аны туура пайдалануу үчүн;
5. Финансылык жана материалдык ресурстарды туура жана максаттуу пайдалануу үчүн;

6. Эмгек тартибин жана ички тартип эрежелерин сактоо үчүн;
7. Окутуучулар менен студенттердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо үчүн;
8. Университеттин аброюна жана кадыр-баркына зыян келтирбөө үчүн.

## Жыйынтык:

ЖАМУнун институттары — бул университеттин негизги түзүмдүк бөлүктөрү болуп саналат. Алар билим берүүнүн сапатын арттырып, илим менен практиканын байланышын бекемдөөдө маанилүү ролду ойношот. Институттар өз милдеттерин так аткарып, укуктарын туура пайдаланып жана жоопкерчилигин сезүү менен университеттин өнүгүүсүнө түздөн-түз салым кошот.

**Түзгөндөр:**
Алибаев А.П.
УметовТ.Э
Турдубаева Б.М.